# Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2011-жылдын 1-чейреги үчүн акча-кредит саясаты жөнүндө отчетун кароо боюнча отуруму тууралуу пресс-релиз

2011-жылдын 1-июнунда Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын тарабынан 2011-жылдын 1-чейреги үчүн акча-кредит саясаты жөнүндө отчет каралган.

Өлкөдө инфляция деңгээлинин жогору болуп турушу шартында Улуттук банк акча-кредит саясатынын таасирин күчөтүү боюнча чараларды көрүүнү уланткандыгы отчетто белгиленген. Инфляциянын монетардык түзүүмүн чектөө максатында, 1-чейрек ичинде Улуттук банк, банк тутумундагы үстөк ликвиддүүлүктөн арылтуу боюнча операцияларды арттырган: Улуттук банктын жүгүртүүдөгү ноталарынын көлөмү 1,7 эсеге өсүп, 1 165,2 млн. сомго, ал эми репо операцияларынын көлөмү 3,3 эсеге өсүп, 230,8 млн. сомго чейин жеткен. Эсептик чен жыл башындагы 5,5 пайыздан 1-чейректин акырына карата 6,9 пайызга жогорулаган.

Мындан тышкары, акча-кредит саясатынын күчөтүү максатында Улуттук банк, 2011-жылдын 14-мартынан тартып коммерциялык банктардын милдеттүү камдарынын өлчөмүн, эсептик базасынан 8 пайыздан 9 пайызга чейин көбөйткөн; Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фондусунун кредиттөө максаттары үчүн базалык ченди 7 пайыздан 8,25 пайызга чейин жогорулаткан.

Алмашуу курсунун кескин өзгөрүүсүнө жол бербөө максатында Улуттук банк 2011-жылдын январь-март айларында валюталык интервенцияларды ишке ашырган: чет өлкө валютасын накта сатуу көлөмү 62,5 млн. АКШ долларын түзгөн, ал эми доллардын сомго карата алмашуу курсу 0,3 пайызга, 1 АКШ доллары үчүн 47,0992ден 47,2448 сомго чейин жогорулаган.

Чейрек ичинде акча базасы 7,2 пайызга төмөндөп, 45,1 млрд. сомго чейин жеткен. Кеңири мааниде колдонулуучу М2Х акча массасы отчеттук мезгил ичинде 3,7 пайызга, 66,6 млрд. сомго чейин кыскарган. Мында, экономиканы монетизациялоо көрсөткүчү 0,5 пайыздык пунктка жогорулап, 28,4 пайызды түзгөн.

Өтүп жаткан жылдын 1-чейрегинде экономикалык өнүгүү багыты өсүшкө ык коюп, ал 0,4 пайызды түзгөн.

Төлөм теңдеминин сальдосу 27 млн. АКШ доллар өлчөмүндө оң калыптанган. Мында, күндөлүк операциялардын эсебинин абалынын начарлоосу белгиленген: анын тартыштыгы ИДПга карата 4,3 пайызга чейин көбөйгөн. Ошону менен бирге эле, эмгек мигранттарынын акчалай которуу агымынын олуттуу арткандыгы катталган.

Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгынын алдын ала маалыматтары боюнча, мамлекеттик бюджеттин 2011-жылдын январь-март айлары үчүн профицити 1,5 млрд. сомду же ИДПга карата 3,2 пайызды түзгөн. Баяндамада ошондой эле, Өкмөттүн чыгашаларынын негизги бөлүгү экинчи жарым жылдыкта ишке ашырыла тургандыгына, ошондой эле үч жылдык бюджетте бюджетти консолидациялоо каралбагандыгына карата айрым бир кооптонуулардын орун алып жаткандыгы белгиленген.

Отчетто ошондой эле, керектөө бааларынын индексинин 1-чейректе 6,4 пайызга өсүшү негизинен, дүйнөлүк товардык-сырьелук рыноктордогу баанын жогорулоосу алкагында, жашылча жана жемиш, нан азыктары, талкандар, кант сыяктуу азык-түлүк товарларына баанын жогорку өсүш арымда болушуна байланыштуу экендиги белгиленген.

Талкуунун жүрүшүндө, учурда Улуттук банкка Өкмөт менен биргеликте баа жагдайын турукташтыруу үчүн бардык чараларды көрүү зарылчылыгы баса белгиленген. Мындан тышкары, салык-бюджет жана акча-кредит саясатын координациялоо жана 2011-жыл ичинде Өкмөттүн чыгашаларын бирдей ченемде бөлүштүрүлүшүнүн маанилүү шартынан экендиги чагылдырылган.

Отурумда ошондой эле, ЭВФ менен мындан ары кызматташуу маселелери да каралган. Алдын ала маалыматтар боюнча, 2011-жылдын 20-июнунда ЭВФтин Директорлорунун Аткаруу кеңеши Кыргыз Республикасынын 2011-2014-жылга экономикалык жана финансылык саясаты боюнча Меморандумдун долбоорун кароого алат. Бул, кеңейтилген кредиттөө механизминин алкагында ЭВФ менен орто мөөнөттүк келишим аркылуу колдоого алыныш ыктымал.

Ички валюта рыногундагы жагдайды талкуулоодо, 2011-жылдын апрель-май айларында абал өзгөрүп, чет өлкө валюталарын сунуштоо ага карата талаптан артып, улуттук валютанын чыңдалуусу байкалгандыгы белгиленген. Алгачкы жүргүзүлгөн иликтөөлөр, эмгек мигранттарынын акчалай которууларынын агымынын артышы валютаны сунуштоонун өсүшүнө түрткү берген фактордон болгондугун көрсөткөн. Рынокто алып сатарлык операциялардын айкын белгилери байкалган эмес. Курстун динамикасына макроэкономикалык анализдөөлөрдү, төлөм теңдеминин статистикасын алуу учурунда жүргүзүүгө болот. Сомдун чыңдалуусунун кескин жүрүшүнө жол бербөө үчүн Улуттук банк апрель-май айларында чет өлкө валюталарын сатып алып турган. Ушуга байланыштуу, бюджеттик чыгашалардын өсүшү шартында интервенцияларды ишке ашыруу зарылчылыгы белгиленген. Бул акча сунушунун өсүш арымын демек, баанын жалпы деңгээлинин өсүшүн токтотуу максатында ачык рынокто операциялардын жигерин арттыруу аркылуу, алардан арылууну талап кылат.

Талкуунун жыйынтыгы боюнча Улуттук банк Башкармасынын мүчөлөрү 2011-жылдын 1-чейрек ичиндеги акча-кредит саясат жөнүндө отчетту жактырып, кабыл алган.